# ПИКИР ЭСКЕРҮҮ

## ИСАК КАМАЛ УУЛУ МУРЗАБЕКОВ



1968-жылы Тажикстандын Жерге-Тал районунда туулган.

КМУнун журналистика бөлүмүн артыкчылык диплому менен бүтүргөн соң адегенде "Кыргыз руху" гезитинде кабарчы, Кыргызстан мусулмандар казыятында пресс-борбордун жетекчиси, анан "Ош жаңырыгы" гезитинде кабарчы, "Мисир" информациялык-рекламалык фирмасынын директору болуп эмгектенген.

1994-1996-жылдары КыргызРеспубликасынын улуттук коопсуздук комитетинин Ош облусу боюнча башкармасынын пресс-борборунда иштеген. Ошол эле мезгилде УККнын Жогорку мектебин бүтүргөн.

1996-жылдын сентябрынан тартып улуттук "Кабар" агентствосунун Ош облустук бөлүмүнүн директору жана Президенттик пресс-кызматтын консультанты.

# БАЙЫРКЫ ОШ ҮН САЛАТ

Республикабыздын чоң облустук гезиттеринин бири—"Ош жаңырыгынын" баш калаадан басылып, бардык аймактарга тарап жатышы президентибиз А.Акаевдин Указы менен 2000-жыл Ош шаарынын 3000 жылдыгын бүткүл элдик майрамдоонун жылы болуп жарыяланып, ага кызуу даярдануулларга шайкеш келип тургандыгы өзгөчө символикалуу мааниге ээ.

Борбордук Азиянын эң эски шаарларынын бири болгон Оштун 3000 жылдыгы Кыргызстандын гана эмес, бүткүл Борбордук Азиядагы бир тууган, боордош элдердин турмушундагы чоң майрам, ири окуя болуп саналат.

Сан кылымдык санжырасы, карт тарыхы бар Ош көптөгөн мамлекеттер менен социалдык-маданий, соода-экономикалык байланыштарга бай. Өз учурунда Улуу Жибек жолунун эң маанилүү чекити болуп турган.

Бул маараке жамы түрк балдарынын улуттук майрамына айлануу менен, Кыргызстандын ар бир атуулунун өз мекенине болгон аздек сүйүүсүнүн, рухтук өзүн-өзү таанып билүү сезиминин ойгонуусуна учкун болуп берери абзел.

"Ош-3000 идеологиялык концепциясында белгиленгендей, Оштун тарыхы—бул бүткүл Кыргызстандын, кыргыз элинин тарыхы жана тагдыры. Цивилизациянын чокуларына умтулган ар кандай эл дайыма өзүнүн башаттарына кайрылган, өзүнүн тарыхынан акылмандуулукту, акыйкатты жана күч-кубатты сузуп алган. Көп кылымдык тарыхында кыргыздар эч качан башка элдердин маданиятын четке какпастан, алар менен тыгыз байланышуу аркылуу өздөрүнүн руханий дүйнөсүн байытышкан.

Азыркы учурда да Ош айлана-тегерегиндеги ар түрдүү улуттардын, элдердин достугунун, бир тууугандыктын, береке-пайыздын мекени болуп турат. Рухтук жактан алганда да Оштогу Сулайман тоосу эзелтеден эле бардык мусулмандардын, салт-санааны сыйлагандардын ыйык борборуна айланып калган.

Оштун 3000 жылдык маарекесине даярдануу жана аны өткөрүү өткөн тарыхты үйрөнүүгө, илимий таанып-билүүчүлүк, саясий, маданий-массалык, пропагандалык жана рекламалык арбын иш чараларды жүзөгө ашырууга зор шарт түзүп, Оштун саясий-экономикалык кызматташууларды, тынчтык-түзүүчүлүк макулдашууларды, маданий- массалык иш чаралардын регионалдык, эл аралык маанидеги борбору болуп калышына өбөлгө болот. Ошту пропагандалоо жана рекламалоо аркылуу шаарыбызга коомчулуктун көңүлүн буруп, экономикалык байланыштардын, туризмдин жандандырылышына, инвестицияларды тартууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Ушул жагдайлардан алганда "Ош жаңырыгы" гезитинин Президенттин администрациясы менен облустук жетекчилик тарабынан жаңы деңгээлге көтөрүлүп жатышы зор мааниге ээ.

Гезит оштуктардын бүт республикага багытталган рупору, ыңгайлуу трибунасы болуп, обьективдүүлүк менен ачыктыктын, чыгармачылык эркиндиктин принциптеринде кызмат өтөөгө белсенип отурат жана жогоруда айтылган маселелер боюнча кеңири иш алып барууну максат кылууда. Бул оштук журналисттердин, калемгерлердин, чыгармачыл интеллигенциянын, окумуштуулардын, мамлекеттик жана коомдук ишмерлердин көптөн эңсеген тилеги болучу. Аларга өз сөзүн чоңураак аудиторияга айтууга шарт түзүлдү.

Эми, кудай буюрса, Ош облусу менен башка региондордун маалымат алмашуу процесси да эки тараптуу нукка түшүп, республиканын түндүгүндө бул жактын кабар-жаңылыктары арбыныраак болот деген ойдобуз. Гезиттин маалымат бөлүмү коңшулаш Өзбекстандан, Тажикстандан, Тоолуу Бадахшан тараптан, Жалал-Абаддан кабарчыларды алып, Фергана өрөөнү тууралуу алгы жаңылыктарды жарыялап туруунун камылгасын көрүүдө. Бишкек, Чүй, Көл кылааларынын ишкерлери үчүн Оштогу товарлардын, азык-түлүктөрдүн баасы, базар наркы такай берилмекчи.

"Ош жаңырыгын" окуу менен борбордогулар Ош облусундагы жаңылыктар, маалыматтар менен кеңири камсыз болушат. Ошол эле кезде улуттук "Кабар" агентствосу атайын бетке Президенттик аппараттын, өкмөттүн, Жогорку Кеңештин расмий кабарларын, Бишкектеги жарыя-кулактандырууларды жарыялап турат.

Анан албетте, ыйык Ош тууралуу кеңири материалдар баяндалмакчы.

Ошентип, алгачкы отурукташуулар мындан 6-7 миң жыл мурун—жаңы таш кылымында башталып, чарбалык жана маданий өздөштүрүүлөр коло кылымдын аягы-темир кылымдын башталышында, б.а. мындан 3000-3200 жыл мурда жүргүзүлгөн байыркы Ош оазиси жана Ош шаары бүгүн кайрадан дүйнөлүк мааниге ээ болуп, ыйык Сулайман тоосунан алыска үн салып турат. Бул да болсо биздеги демократиялык түзүмдүн, көз каранды эместиктин жеңиши.

"Кичи Мекке" аталып жүргөн бул жер дүйнөлүк фалсафадагы Шамбалага окшоп, Кыргызстандын элин жан дүйнөсүн тазартууга чакырган руханий борборго айланып каларына ишеним күч.

Ошту илимий, маданий, анан башкысы, рухтук борборго айландыруу, албетте, баарыбыздын чогуу-чараан аракеттенүүбүздү талап кылат. Ага алгачкы кадам ташталды.

Баарыңарды Улуу Манастын руху, Амир Темирдин арбагы, Сулайман тоосу, Ош пирим колдосун, түрк балдары.